Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 2019-жылдын 11-январындагы №1 Пленумунун токтому менен кабыл алынды

**Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун**
# РЕГЛАМЕНТИ

## 1-глава. Жалпы жоболор

1.1. Бул Регламент "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштелип чыккан.

Регламент Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун ички ишинин маселелерин жөнгө салат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялары жана аппараты үчүн милдеттүү болуп эсептелет (мындан ары – Жогорку Сот).

1.2. Жогорку соттун жана жергиликтүү соттордун иш кагаздарын жүргүзүү Жогорку соттун төрагасы тарабынан бекитилген Инструкцияга ылайык жүзөгө ашырылат.

1.3. Жогорку сотто, жергиликтүү соттордо мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актыларынын эсеби, маалыматтык сурап билүү иштери Жогорку соттун төрагасы тарабынан бекитилген Эрежелердин негизинде жүргүзүлөт.

1.4. Жогорку сотто жана жергиликтүү соттордо статистикалык отчёттуулук Жогорку соттун төрагасы бекиткен формалар боюнча (кагаз жүзүндө же электрондук формада) жүргүзүлөт.

Статистикалык маалыматтар баштапкы эсепке негизделет, ал ар бир сот ишине, арызга жана даттанууларга эсептик-статистикалык карточкаларын жүргүзүүдөн турат жана Жогорку соттун төрагасы тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө Жогорку сотко берилет.

Статистикалык отчёттуулукту так жана өз убагында берүү жоопкерчилиги Жогорку сотунун соттук коллегияларынын төрагаларына, жергиликтүү соттордун төрагаларына, ал эми аларды иштетүү жана жалпылоо - Жогорку сотунун аппарат жетекчисине жүктөлөт.

1.5. Жогорку сотунун Пленумунун компетенциясындагы Жогорку соттун иши жана уюштуруу маселелери Кыргыз Республикасынын Конституциясына, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана ушул Регламентке ылайык чечилет.

1.6. Соттук иштер кассация иретинде Жогорку сотунун соттук коллегияларынын соттук курамдары тарабынан Кыргыз Республикасынын Конституциясында, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында, процесстик мыйзамдарында жана ушул Регламентте белгиленген тартипте каралат.

## 2-глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо тартиби

2.1. Жогорку сотунун төрагасы, төраганын орун басарлары Жогорку сотунун судьяларынын ичинен Жогорку сотунун судьяларынын чогулушу тарабынан 3 жылдык мөөнөткө шайланат.

Бир эле адам Жогорку сотунун төрагасы, төраганын орун басары болуп эки мөөнөткө катары менен шайлана албайт.

2.2. Биринчи судьялардын чогулушу Жогорку сотунун судьяларынын курамынын үчтөн эки бөлүгү Жогорку Кеңеш тарабынан шайланып, Жогорку сотунун судьялары ант бергенден кийин он күндөн кечиктирбестен өткөрүлөт.

2.3. Жогорку сотунун төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо боюнча судьялардын чогулушу Жогорку сотунун судьяларынын кеминде үчтөн экиси бар болгон учурда укуктуу.

2.4. Жогорку сотунун төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо боюнча судьялардын чогулушунда төрагалык кылуу Жогорку соттун төрагасына жүктөлөт.

Жогорку сотунун төрагасын шайлоо боюнча судьялардын чогулушунда, төрага жок болуп, төраганын орун басарлары бар учурда, орун басарлардын ичинен жашы улуусунун төрагалыгы алдында өтөт.

Жогорку сотунун төрагасын шайлаганга чейин Жогорку сотунун төрагасы, төраганын орун басарлары жок учурда, төраганы шайлоо боюнча Жогорку сотунун судьялардын чогулушунда төрагалык кылуу катышып жаткан Жогорку сотунун судьяларынын ичинен жашы улуусуна жүктөлөт.

Жогорку сотунун төрагасынын орун басарларын шайлоо Жогорку сотунун төрагасы шайлангандан кийин жүзөгө ашырылат. Жогорку сотунун төрагасынын орун басарларын шайлоо тартиби да төраганы шайлоонун тартибинде өтөт.

2.5. Жогорку сотунун төрагасынын, төраганын орун басарларынын ыйгарым укуктарынын мөөнөттөрү алар шайланган күндөн башталып, жаңы төрага, төраганын орун басарлары шайланган күнү токтотулат.

Жогорку сотунун жаңы төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо иштеп жаткан төраганын, төраганын орун басарларынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн акыркы айында өткөрүлөт.

Эгерде, Жогорку сотунун төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо ушул пунктта белгиленген мөөнөттө өткөрүлбөсө, Жогорку сотунун төрагасы, төраганын орун басарлары Жогорку сотунун жаңы төрагасы, төраганын орун басарлары шайланганга чейин өзүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашыра берет.

Жогорку сотунун төрагасы, төраганын орун басарлары ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда, бош орундарды ээлөө шайлоо тартибине ылайык жүзөгө ашырылат.

2.6. Жогорку сотунун төрагасы, төрагынын орун басарлары ачык добуш берүү жолу менен шайланат.

2.7. Төрагалык кылуучу тийиштүү кызмат ордуна талапкерлерди аныктоо боюнча маселени ачык талкууга коёт. Шайлоого талапкерлерди судьялар көрсөтөт, ошондой эле судьялар өздөрүн көрсөтүү тартибинде да катышышат.

2.8. Төрагалык кылуучу (баш тарткан адамдардан тышкары) бардык көрсөтүлгөн талапкерлерди тийиштүү кызмат ордуна шайлоо үчүн тизмеге киргизет.

2.9. Ар бир талапкер баш тартууга укуктуу.

2.10. Ачык добуш берүү кол көтөрүү жолу менен жүзөгө ашырылат.

Ачык добуш берүүгө чейин төрагалык кылуучу добушка коюлган сунуштардын саны тууралу билдирет, добушка коюлуучу алардын туюндамасын жана ырааттуулугун тактайт, чечим канча добуш менен кабыл алынаарын эскертет.

Төрагалык кылуучу добуш берүүнүн башталышы тууралуу жарыялагандан кийин эч кимдин добуш берүүгө тоскоолдук кылууга укугу жок.

Добуштардын саны эсептелгенден кийин төрагалык кылуучу "чечим кабыл алынды же кабыл алынган жок" деп, добуш берүүнүн жыйынтыгын жарыялайт.

Ачык добуш берүүнүн жыйынтыктары протоколго жазылат.

2.11. Судьялардын чогулушунда катышкан судьялардын санынан көбүнүн добушун алган судья тийиштүү кызмат ордуна шайланды деп эсептелет.

2.12. Эгерде талапкерлер шайлануу үчүн биринчи турдан добуштардын талап кылынган санын ала албай калса, добуштардын көбүн алган эки талапкер боюнча экинчи туру өткөрүлөт.

Эгерде добуштардын көбүн алган талапкерден кийин эки же андан көп бирдей добуштарды алган талапкерлер болсо, алардын бардыгы добуштардын көбүн алган талапкер менен кайра добуш берүү өткөрүү үчүн талапкерлери болуп таанылат.

2.13. Добуш берүүнүн экинчи туру, биринчи тур өткөрүлгөн тартипте эле өткөрүлөт. Эгерде талапкер экинчи турда да судьялардын чогулушунда катышкан судьялардын санынан добуштун жарымынан көбүн ала албаган болсо, анда жаңы талапкерлерди көрсөтүү менен жаңы шайлоо өткөрүлөт.

2.14. Жогорку сотунун төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо судьялардын чогулушунун чечими менен бекитилет.

2.15. Жогорку сотунун төрагасын, төраганын орун басарларын шайлоо боюнча Жогорку сотунун судьялардын чогулушунун ишин уюштуруу Жогорку сотунун аппараты камсыз кылат.

2.16. Жергиликтүү соттордун төрагаларын, төраганын орун басарларын шайлоо тартиби ушул главада каралган тартипте жөнгө салынат.

## 3- глава. Соттук коллегияларды жана соттук курамдарды түзүү тартиби

3.1. "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Жогорку сотто төмөндөгүдөй соттук коллегиялар түзүлөт:

- жазык иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча соттук коллегия;
- жарандык иштер боюнча соттук коллегия;
- административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегия.

3.2. Соттук коллегиялардын төрагалары - Жогорку сотунун төрагасынын орун басарлары башкарат.

3.3. Соттук коллегиялардын жекече курамы Жогорку сотунун судьяларынын ичинен, Жогорку сотунун Пленуму тарабынан шайланат.

Жогорку соттун төрагасы тиешелүү соттук коллегиянын курамына талапкерлерди бекитүү үчүн Жогорку сотунун Пленумуна сунуштайт.

3.4. Жогорку соттун төрагасы, ошондой эле анын тапшырмасы боюнча төраганын орун басарлары өз алдынча соттук курамдарды тиешелүү соттук коллегияга караган судьялардын санынан түзүшөт жана алардын төрагаларын дайындашат.

Жогорку соттун төрагасы, ошондой эле анын тапшырмасы боюнча төраганын орун басарлары судьялардын ортосунда иштерди жана соттук материалдарды бөлүштүрүү боюнча автоматташтырылган тутумдун иштешин камсыз кылат, ал эми автоматташтырылган тутум техникалык жактан оң эмес болгон учурда, өз алдынча иштерди жана соттук материалдарды бөлүштүрүшөт.

3.5. Ар бир соттук курам Жогорку сотунун үч судьясынан турат.

Соттук курамды төрагалык кылуучу жетектейт жана соттук курамдын ишин уюштурат. Иш берилген судья, баяндамачы болуп саналат.

Айрым категориядагы иштер боюнча Жогорку соттун төрагасынын чечими менен атайын адистештирилген курамдар түзүлүшү мүмкүн.

3.6. Соттук курамда ишти карап жаткан судья ооруганда, кызматтык иш сапарга чыгып кеткенде же болбосо судьяны четтетүү жөнүндө билдирүү канааттандырылган учурда аны соттук коллегиянын башка судьясы менен алмаштыруу соттук коллегиянын төрагасы жүзөгө ашырат.

Ар башка соттук коллегиялардын судьяларынан соттук курам түзүү жөнүндөгү маселе Жогорку соттун төрагасы тарабынан чечилет.

Судья алмашылгандан кийин ишти териштирүү кайра башынан башталат.

## 4-глава. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Пленумун даярдоо жана өткөрүү тартиби

4.1. Жогорку сотунун Пленуму Жогорку соттун төрагасы, төраганын орун басарларынын жана Жогорку соттун судьяларынын курамында иш алып барат.

4.2. Жогорку сотунун Пленуму өз ишмердигинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын, "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамын, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана тескемелерин, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларын, ошондой эле ушул Регламентти жетекчиликке алат.

Жогорку сотунун Пленумунун ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

а) сот тажрыйбасын иликтөө жана аларды жалпылоо материалдарын карайт, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик-укуктук актыларын колдонууда сот тажрыйбасынын маселелери боюнча сотторго жетекчи түшүндүрмөлөрдү берүү;

б) жергиликтүү соттор тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка ченемдик-укутук актыларын колдонуу боюнча материалдарды кароо;

в) адистешүүнү эске алып соттук коллегиялардын жекече курамын шайлоо;

г) Жогорку соттун төрагасынын сунушу боюнча Жогорку соттун алдындагы Илимий-консультативдик кеңештин курамын шайлоо, ошондой эле ал жөнүндө Жобону бекитүү;

д) Жогорку соттун төрагасынын сунушу боюнча Жогорку сотунун судьяларынын ичинен Жогорку сотунун Пленумунун катчысын шайлоо;

е) Жогорку сотунун Регламентин кабыл алуу;

ж) Жогорку сотунун соттук коллегияларынын төрагаларынын соттук коллегиялардын иши жөнүндө маалыматты угуу;

з) Жогорку соттун төрагасынын Жогорку соттун иши жөнүндө билдирүүсүн угуу;

и) судьяларга илимий негизделген жүктөм ченемдерин бекитүү;

к) соттордун ишмердигин уюштуруу дагы башка маселелерди кароо.

4.3. Жогорку сотунун Пленумунун жыйналыштары ачык айкын өткөрүлөт.

Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышына Конституциялык палатанын төрагасы, Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору жана Кыргыз Республикасынын юстиция министри катышууга укуктуу.

Жогорку соттун төрагасы Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышына жергиликтүү соттордун судьяларын, Жогорку соттун алдындагы Илимий-консультативдик кеңештин мүчөлөрүн жана башка адамдарды чакыра алат.

4.4. Жогорку сотунун Пленумунун ишин уюштуруучулук, документациялык жана маалыматтык жактан камсыз кылууну төмөндөгүлөр ишке ашырат:

- Пленумдун катчысы;

- Жогорку сотунун аппараты.

4.5. Жогорку сотунун Пленумунун катчысы Жогорку соттун төрагасынын сунушу менен Жогорку сотунун судьяларынын ичинен жыйынга катышкан судьялардын санынан көпчүлүгүнүн добушу менен үч жылга шайланат. Жогорку сотунун Пленумунун катчысы убактылуу болбой калган учурда анын милдеттерин Жогорку соттун төрагасы Жогорку сотунун судьяларынын ичинен бирине жүктөйт.

Жогорку сотунун Пленумунун катчысы Жогорку сотунун судьясынын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу менен бирге:

- Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышын даярдоону уюштурат;
- Жогорку сотунун Пленумунун ишинин реглментинин сакталышын контролдоону жүзөгө ашырат;
- Жогорку сотунун Пленумунун иш планын иштеп чыгууга жана Жогорку сотунун Пленумунун кароосуна киргизилүүчү токтомдордун долбоорлорун даярдоого катышат;
- айтылган, жазуу жүзүндө келип түшкөн сын-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен токтомдордун долбоорлорун кошумча иштеп чыгуу үчүн Жогорку сотунун Пленуму тарабынан түзүлүүчү редакциялык комиссиянын ишине катышат;
- Жогорку сотунун Пленумунун токтом долбоорлорун иштеп чыккандар менен биргеликте кабыл алынган токтомдордун акыркы редакциялык текшерүүсүн жүзөгө ашырат, кол коёт жана Жогорку соттун төрагасынын кол коюусун камсыздайт;
- Жогорку сотунун Пленумунун токтомдорунун Жогорку соттун Интернет тармагындагы расмий сайтында жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Бюллетенинде жарыялануусун камсыздайт.

4.6. Жогорку сотунун Пленуму зарылчылыгына жараша, бирок жылына кеминде эки жолу Жогорку соттун төрагасы тарабынан чакырылат. Жогорку сотунун Пленумун чакыруунун убактысы жана анын кароосуна киргизилүүчү маселелер жөнүндө Жогорку сотунун Пленумунун мүчөлөрү жана ага чакырылгандар күн мурунтан кабарландырылат.

4.7. Жогорку сотунун Пленумунун иши жөнүндө кабарларды массалык маалымат каражаттарында жарыялоону Жогорку сотунун Пленумунун катчысы менен басма сөз катчысы биргеликте даярдайт.

4.8. Маселелерди кароонун кезеги күн тартиби менен аныкталат. Жогорку сотунун Пленуму зарыл болгон учурда анын кезегин өзгөртүүгө укуктуу.

4.9. Жогорку сотунун Пленумунун жыйналыштары залында Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик туусу жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү жайгаштырылат.

4.10. Жогорку сотунун иш планына ылайык, соттук тажрыйбаны жалпылоо үчүн Жогорку сотунун соттук тажрыйбаны жалпылоо бөлүмү жергиликтүү соттордон иштерди Жогорку сотунун Пленуму өткөрүлгөнгө чейин 2 ай калгандан кеч эмес алдыртат жана алдан ала токтомдун долбоорун мамлекеттик жана расмий тилде даярдайт.

4.11. Токтом долбоору тиешелүү соттук коллегияда Жогорку сотунун Пленумунун катчысынын катышуусунда, коллегиянын принципиалдуу көз караштары боюнча пикирлерин аныктоо үчүн талкууланат. Жыйын соттук коллегиянын төрагасы тарабынан өткөрүлөт.

Соттук ишмердүүлүктүн жалпы маселелери боюнча токтомдун долбоорлору бардык соттук коллегияларда талкууланат, бирок ага киргизилүүчү өзгөртүүлөр жана толуктоолор судья-баяндамачыга тапшырылат.

Жогорку сотунун Пленумунун катчысы Жогорку сотунун аппаратынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнө Илимий-консультативдик кеңештин жыйыны өткөрүлгөнгө чейин сын-пикир жана сунуштарын жазуу түрүндө берүүгө укуктуу болгон жергиликтүү сотторго, кызыкдар мамлекеттик органдар жана ведомстволорго токтом долбоорунун көчүрмөсүн жиберүү тапшырмасын берет.

Жогорку сотунун Пленумунун токтом долбооруна сунуш, пикирлерди алуу үчүн ал Жогорку сотунун сайтына жайгаштырылат.

Жогорку сотунун Пленумунун катчысы Илимий-консультативдик кеңештин төрагасы же тийиштүү секциясынын жетекчисинин макулдугу менен жыйындын өткөрүү күнүн аныктайт.

Илимий-консультативдик кеңештин жыйыны Жогорку сотунун Пленуму өткөрүлгөнгө чейин бир ай калгандан кечиктирилбестен өтүшү керек.

Илимий-консультативдик кеңештин жыйыны анын төрагасынын же секциясынын жетекчисинин жетекчилиги менен Жогорку сотунун Пленумунун катчысынын, судья-баяндамачынын, Илимий-консультативдик кеңештин мүчөлөрүнүн, ошондой эле чакырылган мамлекеттик органдардын жана ведомстволордун өкүлдөрүнүн катышуусунда өтөт.

4.12. Судья-баяндамачы Жогорку сотунун аппаратынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмү менен биргеликте Илимий - консультативдик кеңештин жолдомосун эске алуу менен иштелип чыккан токтом долбоорунун вариантын соттук коллегияларда талкуулоого даярдайт.

Соттук коллегиянын төрагасы менен судья-баяндамачынын визасы коюлган токтом долбоорунун акыркы варианты, мамлекеттик жана расмий тилде, кагаз жүзүндө, ошондой эле электрондук сактагычта Жогорку сотунун Пленумунун катчысына берилет.

4.13. Жогорку сотунун Пленумунун катчысы Жогорку сотунун Пленуму өткөрүлгөнгө он күн калганга чейин кечиктирбестен, токтом долбоорунун акыркы вариантын Жогорку соттун төрагасына берет.

4.14. Жогорку сотунун Пленумунун катчысы Жогорку соттун төрагасынын макулдугу менен Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышынын күн тартибин түзөт жана анын өткөрүү күнүн Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышына он күн калганга чейин кечиктирилбестен аныктайт. Күн тартибинде каралуучу маселелерди, өткөрүү күнүн, убакытын жана ордун көрсөтүү менен Жогорку соттун төрагасы тарабынан кол коюлат.

4.15. Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышынын күн тартиби жана материалдары Жогорку сотунун Пленумунун мүчөлөрүнө жана чакырылган адамдарга жыйналышка чейин үч күндөн кечиктирилбестен тапшырылат.

Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышынын күн тартибин жана материалдарын, Жогорку сотунун Пленумунун мүчөлөрүнө, чакырылган адамдарга жыйналыш өткөрүү күнү жана убактысы жөнүндө билдирүү жөнөтүү жана жыйналышты тейлөө Жогорку сотунун аппараты тарабынан жүзөгө ашырылат.

4.16. Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышына катышкандарды каттоо Жогорку сотунун Пленумунун катчысы тарабынан жүргүзүлөт.

4.17. Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышында каралуучу маселелерди даярдоо Жогорку соттун төрагасынын, төраганын орун басарларынын жетекчилиги астында Жогорку сотунун судьялары, Жогорку сотунун аппаратынын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан жүзөгө ашырылат.

Зарыл учурларда маселелерди даярдоону Жогорку соттун төрагасы тарабынан түзүлгөн комиссиялар жүзөгө ашырышат, алардын чечимдери протокол түрүндө түзүлөт.

4.18. Жогорку сотунун Пленумунун күн тартиби Пленумдун жыйналышында бекитилет.

4.19. Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышында токтомдун долбоорун талкуулоо: судьянын баяндамасы, Жогорку сотунун, жергиликтүү соттордун судьяларынын жана чакырылган адамдардын талкуусу түрүндө өтөт.

4.20. Жогорку сотунун Пленумунун жыйналыштары Жогорку сотунун судьяларынын курамынын кеминде үчтөн экиси бар болгон учурда укуктуу.

4.21. Төрагалык кылуучу токтомдун долбоорун добушка коёт.

Жогорку сотунун Пленумунун токтому анын жалпы курамынын көпчүлүк добушу менен ачык добуш берүү жолу аркылуу кабыл алынат.

Эгерде Жогорку сотунун Пленумунун мүчөсү жүйөлүү себептер менен жыйналышка катышпаса жана Пленумдун материалдары менен мурунтадан таанышып, өзүнүн чечимин кат жүзүндө калтырган болсо, анда ал чечим долбоорго добуш берүүдө эске алынат.

Ушул Регламентин 4.2.-пунктунун «и», «к» пунктчаларында каралган учурларда Жогорку сотунун Пленумунун чечими Пленумдун мүчөлөрүнүн сурамжылоо жолу менен кабыл алынышы мүмкүн.

Жогорку сотунун Пленумунун чечими токтом түрүндө кабыл алынат.

4.22. Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышында айтылган сын-пикирлер жана сунуштарды эске алуу менен токтом долбоорду кошумча иштеп чыгуу зарылчылыгында редакциялык комиссия шайланат, ал 7 күндүн ичинде токтомдун макулдашылган текстин даярдайт. Редакциялык комиссиянын курамына Жогорку сотунун Пленумунун катчысы, судья-баяндамачы, Жогорку сотунун, жергиликтүү соттордун судьялары, Илимий-консультативдик кеңештин мүчөлөрү жана мамлекеттик органдардын өкүлдөрү кириши мүмкүн.

4.23. Жогорку сотунун Пленумунун катчысы токтомго кол коёт жана аны Жогорку соттун төрагасына кол коюу үчүн өткөрүп берет.

4.24. Жогорку сотунун Пленумунун токтомдоруна кабыл алынган күнү, орду жана иреттик номери жазылат.

4.25. Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышынын жүрүшүндө протокол түзүлөт. Протокол Жогорку сотунун аппараты тарабынан камсыз кылынат.

Төрагалык кылуучунун уруксаты менен Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышын киного, фотосүрөткө жана видеого жазып алуга жол берилет.

4.26. Протоколдор Жогорку сотунун Пленумунун жыйналышы аяктагандан кийин 7 күндөн кечиктирилбестен түзүлөт, ага төрагалык кылуучу менен катчы кол коёт.

4.27. Жогорку сотунун Пленумунун протоколдук тапшырмаларынын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Жогорку сотунун Пленумунун катчысы тарабынан жүзөгө ашырылат.

4.28. Жогорку сотунун Пленумунун токтому "Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Бюллетени" журналында мамлекеттик жана расмий тилде жарыялануууга тийиш.

4.29. Жогорку сотунун токтомдорунун өз убагында расмий жарыяланышына жана жарыяланган тексттердин кабыл алынган тексттерге шайкеш келүүсүнө көзөмөл жүргүзүү Жогорку сотунун Пленумунун катчысына жүктөлөт.

4.30. Жогорку сотунун Пленумунун токтомдору (эгерде токтомдордун өзүндө башка учур каралбаган болсо) анда кабыл алынган учурдан тартып күчүнө кирет.

Жогорку сотунун Пленумунун токтомдору Кыргыз Республикасынын соттору жана судьялары үчүн милдеттүү болуп саналат.

4.31. Жогорку сотунун Регламентин кабыл алуу, Регламентке өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду киргизүү тууралуу чечимди Жогорку сотунун Пленуму кабыл алат.